**23-апрель Китеп күнүнө карата «Окуу , жарат , изилде !» таймашынын сценарийи.**

**Алып баруучу** Кутмандуу күн менин жерим !

Кутмандуу күн менин элим !

Кутмандуу күн эжей- агайлар

жана окуучулар !

Саламатсыздарбы, урматтуу коноктор, сиздер менен бүгүн жолугушуп жатканыбызга абдан кубанычтабыз.

. Бүгүн биздин мектепке 23- апрель Китеп күнүнө арналган 3-4 класстар арасында «Окуу , жарат , изилде» таймаш башталганы жатат анда эмесе, дуркурөгөн кол чабуулар менен командаларды сахнага чакырып алалы.

3 класс «Байчечекей »командасы

4 класс «Мандалак »командасы

Сүттөй таза тилеги

Дениздей кен талабы

Көктөй тунук акыйкат

Анын ар бир барагы дегендей

таймашты сындап сын берген калыстар тобу менен тааныштырып кетели .

Сайдинова Д.Б, Иманакунова С.С , Саитонбаева А.Т

Таймаштын уюштуруучусу мектептин китепканачысы Исмаилова Aлизат Талантбековна

жана таймаштын алып баруучусу мен Шамиева Бактыгуль

Анда эмесе таймаштын шарты

1.Уйго берилген тапшырманы жактоо, (жасалган нерселерди изилдеп чыгуу) айтып берүү.

2. Китеп жонундо ыр саптары

3.. Китеп жонундо макал лакаптар.

4.Табышмактарга жооп берүү

5.Окуу керемет долбоору тарабынан берилген китептерден сахналаштырылган сценка .

**Алып баруучу** Анда эмесе конкурсубуздун биринчи таймашын баштайлык

**«Байчечекей » командасы** Кыргыз элинин эзелтеден колдонуп Келе жаткан Боз үй тууралуу изилдеп чыгып, ал туралуу айтып беришсин.

**«Мандалак командасын»** Кыргыз элинин суусундугу Жарма тууралуу маалымат беришет.

**Алып баруучу** :Анда эмесе биз калыстар тобунун жыйынтыгын угайлык.

Командалар экинчи тапшырмага даярданганча

3- класстын окуучулар **«Кыргыз »** Бийин бийлеп беришсин.

**2.Экинчи менен үчүнчү тапшырма Китеп жонундо ыр саптары жана кыргыз эл макалдары**

**1 «Мандалак » командасы**

**1 окуучу** Билбегенди билгизген
Меэге сезим киргизген
Ак булуттун үстүндө
Айга жакын жүргүзгөн.

**2-окуучу**. Турмуш сырын үйрөткөн
Көркөм чечен сүйлөткөн
Көкөлөтүп көнүлүндү
Табихатты бийлеткен.
**3-окуучу.** Китепсиз билим болбос
Китепсиз акыл болбос
Китеп-бул адаштырбас
Кенешчи, акыл жолдош.
**4-окуучу**. Казынасы акыл кенчтин
Танбастыр аны эч ким
Болосун чолок акыл
Окубай калсан беш күн.
**5-окуучу.** Китепти сүй.

Баркын бил
Китептин көп акылы
Ким китепке дос болсо

Ал ошонун жакыны.
**6-окуучу**. Ардактуу ага инилер , жана курбулар ,

Жаңы өскөн ,жайдары ачык , жаш муундар.

Силерге айта турган сөзүм ушул

Ар дайым китеп менен дос болгула
**Чогуу айтышат : Китеп менин акылым**
**Китеп менин жакыным.**

**2. «Байчечекей »командасы**

**1-окуучу.**Таалайдын жолун көрсөтүп
Чакырып турат келгин деп
Арамдыктан тазалап
Жакшылыка ээрчитет.
**2-окуучу**. Ошондуктан баркын бил
Кирдебесин бир чети
Сыя төгүп булгабай
Жакшы сакта китепти.
**3-окуучу.** Мына ушул алтын китеп
Адамзат ушундан ар кыл акыл күтөт
Китеп окуган айга, күнгө да жетет.
**4-окуучу.** Билбегенди билгизген
Мээге сезим киргизген
Ак булуттун үстүндө
Айга жакын жүргүзгөн.

**5- окууучу** Өмүрдүн жан шериги жакшы китеп ,

Жаш жүрөк жалындаган жолун тиктеп .

Китепте не кааласан бардыгы бар ,

Эрикпей карап чыксан таамай издеп.

**6- окуучу** Акылга жакшы китеп акыл салаар,

Кыялдын жаман жагын тартып алаар.

Өзүндү өзө айтпай кайра жасап ,

Сен ачкан колдоруна канааттанар.

**Чогуу айтышат :** Ким китепке дос болсо

Ал ошонун жакыны

**Алып баруучу :**Ал эми калыстар тобу баалаганча учунчу уласстын окуучулары «Окуу керемет долборуу тарабынан берилген «Түлкү жана каз» китебинин сценка койуп беришсин

**Учунчу тапшырма:** Табышмактарга жооп берүү.

**Байчечекей командасына**

**1**.Ак шооласы чачырап,

Тиктесен көздү качырат.

Бүт жер бети жанданып ,

Нурунан гүлдөр ачылат

**Бул эмне ? (Күн)**

**Мандалак командасы**

**2**. Эртен менен барамын,

Белен ичээр тамагым,

Ойнойм , уктайм , кечинде

Уйгө кетип каламын

**Бул эмне (Бала бакча)**

**Байчечекей командасына**

**3**.Кайсы бөлмөдө жарык көрүнбөйт ?

(карангы бөлмөдө)

**Мандалак командасына**

**4**.Эртен менен төрт бутап басат

Түштө эки бутап басат

Кечинде үч бутап басат

Бул ким ?(наристе , жаштык, карылык)

**Байчечекей командасы**

**5**.Бир чынынын ичинде эки тамак бар

(жумуртка)

**6.Мандалак командасы**

Ата да эмес,эне эмес,

Алардан эч бир кем эмес.

Тентектик кылсан көтөргөн

Бир киши бар кебелбес

**Бул ким ? (Мугалим)**

**7.Байчечекей командасы**

.Маңдайлаша отуруп,

Кана жүргүн «бат» дейсин

Кээде «Шах»деп тарс коюп,

Мына чыктым «мат» дейсиң

**Бул эмне ? (Шахмат)**

**8.Мандалак командасына**

Аягы жок , жүрөт

Тили жок сүйлөйт

**Бул эмне ? (кат)**

**9.Байчечекей командасы**

Өзу аппак жазылат

Жер түбүнөн казылат?

**Бул эмне ? (боор)**

**10.Мандалак командасы**

Актан карага сайганы –сайма

Ийне жиби кайда?**(боор)**

**11. .Байчечекей командасы**

Ичин тамгасыз койгон

Китеп дейин десем,

Он эки бетүү, тамгасыз,жолдон

Оңой нерсени окуучум ойлон

**(дептер)**

12.Мандалак командасы

Табышмакты ким тапса

Ал байгени утканы

Кайсы жандык айткыла

Чыкандардын душманы ?

**(Мышык)**

**Калыстар тобу командаларды баалаганча**

**3 -класстын окуучусу Нестан индия бийин бийлеп берсин**

Биздин акыркы таймашыбыз Окуу керемет долбоору тарабынан берилген китеперинен сахналаштырылган сценка көрсөтүү

Азыр калыстар тобу жыйынтык чыгарганча төртүнчү класстардын окуучусу Испан бийин бийлеп берсин

Калыстар тобунун жыйынтыгын угайлык .

Ушуну менен бүгүнкү 23 –апрель китеп күнүнө арналган таймашыбыз аягына чыкты .Көңүл бурганыныздарга чон рахмат .

Эми сиздерге эки китептин мезгилин көрсөтөбүз.
Бир күнү басмаканадан бир чыккан эки китеп жолугушуп маектешип калышыпты.

1-китеп. – Кандай досум, көрүшпөгөнүбүзгө көп болду, иии сага эмне болду? Өнүн азып, бозоруп, жүдөп алыпсынго. Арыктап да кетипсин деги жашоон кандай?

2-китеп. Ээ досум менде айта берсем арман көп мектепке келген сон эн жаман окуучуга туш болдум.Ал мени сырттап карамак турсун, барактарыма чийип, боёп, жазып салат.Керек болсо жалкоолугу кармаганда, тапшырма аткарбаш үчун барактарымды айрып салат, сыртымды этимден эчаак эле бөлүп салган, башка китептерден уялам.Ал болсо «3»тү кээде албаса, алган баасы «2». А өзүн жөнүндө айтчы, сен жакшынакайсын го, жылтырайсын, барактарын да аппа, тапптаза боюнча го?

1-китеп. Мен болсо эн жакшы окуучунун колундамын.Ал мени алган күнү эле сырттап, окуп, барактарымды да бүктөбөйт, кадырлап кармайт.Барактарымда бир да жазуу чийуу көрбөйсүн, колун дайыма самындап жууп, анан мени окуйт.Мени дайыма китеп текчеде сактайт.Мен да аны дайыма «5» деген баага окутам.

Экөө. Бул жомокто табышмак жок
Китептерде айып жок
Кандай окуучу экенин


«Окуйбуз,
жасайбыз,
23-
апрель.


23 АПРЕЛЬ
КҮНҮ


23 АПРЕЛЬ




23 АПРЕЛЬ
БҮТКҮЛ
КИТЕП

